«Бекитемин»
Ж. Баласагын атындагы КУУнун
илимий иштер боюнча проректору
физ.-мат. и. д., профессор Чекеев А.А.
«_23_»___12___2019-ж.

**Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын кеңейтилген курамдагы жыйынын № 4 протоколунун көчүрмөсү**

Бишкек шаары, 24-декабрь 2019-жыл

**Катышкандар:**

Жыйындын төрагасы: Чороев Т.К.(Чоротегин)—тарых илимдеринин доктору (07.00.02), профессор;

Жакыпбеков Ж. Ж.--тарых илимдеринин доктору (07.00.09), профессор– Кыргызстандын тарыхы кафедрасы; Батырбаева Ш.Ж. -- тарых илимдеринин доктору (07.00.09), профессор, – Археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасы; Сырдыбаев Т.Т. - тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент - Археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасы; Каулбекова Р.А. -- тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент - чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасы; ага окутуучу Орозов А., ага окутуучу Жантелиева Н.Г, ага октуучу Дубанаева С.А., окутуучу Шаршенбек к. Айпери, окутуучу Абирова А.Ы.

Жыйындын катчысы: Абдыкалиева К.Т. Баардыгы - 12 киши.

**Күн тартиби:**

Т.и.к., доцент Омурова Жамыйкат Орозбековнанын «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темадагы 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Угулду:**

**т.и.д., профессор Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетович** - жыйындын төрагасы: Урматтуу кесиптештер бугун 24-декабрь 2019-жылы Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын жыйынында т.и.к., доцент Омурова Жамыйкат Орозбековнанын «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темада тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы талкуулоого алуу, адистиги:. 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых.

Илимий кеңешчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор Кылычев Акылбек Мукаевич

Диссертациянын мазмуну, маңызы, максаты жана өзөктүү жерлери тууралуу айтып берүү үчүн сөз изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнага берилет.

**Изденүүчү Омурова Ж.О:** Урматтуу жыйындын мүчөлөрү! «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” деген темада жазылган диссертациябыздын негизги мазмунун ачып берүүгө уруксат этиңиздер. Диссертациянын негизги жыйынтыгын билдирүүнүн алдында Кылычев Акылбек Мукаевичке илимий ишти жазуудагы илимий консультант катары кылган эмгегин белгилеп, терең ыраазычылык билдирем.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Дүйнөлөшүү мезгилинде эл аралык коомчулукту кучагына алган мурдагыдан алда канча тыгыз интеграция аракеттери жүрүп жатат; ошонун эле алкагында белгилүү бир тарыхый-географиялык аймакты ээлеген мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы да олуттуу жүрүүдө. Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар бир чөлкөмүндө жайгашкан мамлекеттер арасында ар кандай тармактарды (коопсуздук, экономикалык, маданий ж.б.) өнүктүрүү боюнча уюмдар түзүлдү жана жаңыдан негизделүүдө. Учурдагы бардык эле чөлкөмдүк уюмдардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу деп айтууга болбойт. Бирок учурда дүйнөлүк саясаттын орчун бир бөлүгү камтылган чөлкөмдүк уюмдардын бир даары, атына заты келишип, тиешелүү аймакта жайгашкан мамлекеттердин көйгөйлөрүн чечүүдө жана жөнгө салууда чечкиндүү иш-аракеттерди жүзөгө ашырып жаткандыгы да турмуш чындыгы.

XX к. акыры — XXI кылымдын башында пост-советтик Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан, эл аралык мамилелердин жаңы өз алдынча катышуучусу катары калыптануу жолунда көптөгөн эл аралык уюмдардын мүчөсү катары таанылып келет. Кыргызстан мүчө болгон ушундай уюмдардын бири — Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) болуп эсептелет. ШКУга мүчө мамлекеттер өз алдынча тышкы саясат жүргүзө ала турган, эгемендүүлүгүн сактоого мүмкүнчүлүгү бар, уюм ичиндеги башка мамлекеттердин кысымы жок өз кызыкчылыгынын чегинде иш алып бара алат. ШКУ Евразия чөлкөмүндө жайгашкан ири өлкөлөрдүн биригүүсү, т.а., бул дүйнөлүк аренадагы «эркин» оюнчулардын коопсуздук маселелерин орток чечүү үчүн бир ынтымакка келүүсү болуп саналат.

ШКУ дүйнөдөгү “жаш” уюмдардын катарында десек болот, бирок анын ишмердүүлүгүн “жаңы уюм” катары бир тараптуу караганга мүмкүн эмес, б.а., анын иш алып баруусунда чөлкөмдөгү коопсуздуктун, экономиканын, маданияттын өнүгүүсү үчүн кеңешип аракет кылуу боюнча ар бир өлкөнүн буга чейинки бай тажрыйбалары да айгинеленип турат. Демек, ШКУнун ишмердүүлүгү — декларативдүү мүнөздө гана болбостон, практикалык (тажрыйбалык) мүнөзгө да ээ экендигин айтууга болот.

ШКУга мүчө-өлкөлөр кыска убактагы эле эмес, узак мөөнөттөгү өнүгүүнүн

стратегиялык кызыкчылыктарын өздөрүнө пайдалуу негизде жүзөгө ашырууда. Жогоруда белгилегендей, бул уюмга улуу дөөлөттөр (м., Орусия, Кытай) менен бир катарда Кыргыз Республикасы сыяктуу чаканыраак эгемен мамлекеттер дагы толук кандуу мүчө болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасы — Борбордук Азия аймагындагы тышкы саясий маселелерди түптөөдө көп векторлуу дипломатиялык саясатты негиз кылган жана ар кыл эл аралык көйгөйлөргө өз туруму (позициясы) бар мамлекеттердин бири болуп саналат. Ошондуктан, геосаясий, экономикалык, экологиялык, диний-экстремизм, терроризм, баңги трафик, суу ресурстарын пайдалануу, бажы, чек ара, унаа жол, темир жол, аба байланышы ж.б. түйүндүү маселелерди биргедешип жөнгө салууда Кыргыз Республикасы интеграциялык аянтча болууга толук шарты бар деп айтууга болот.

“Шанхай бештигин” эске албаганда, Кыргызстан ШКУга толук кандуу мүчө болгондугуна 18 жыл толду. Ушул жылдар аралыгында ШКУнун бардык иш аракеттеринде, долбоорлорунда, коопсуздук, экономика ж.б. кызматташтык нуктарында жигердүү катышуу менен Кыргызстан уюмдун алкагындагы иштерде өз алдынча жүргүзгөн тышкы саясаты менен айырмаланган татыктуу мүчө катары көрсөтө алды.

Ошондуктан, диссертацияда учурдагы Кытайдын жана башка ШКУга мүчө өлкөлөрдүн ШКУ аркылуу жана эки тараптуу кызматташуунун алкагында Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан саясатына калыс сереп салуу (анализ берүү) зарыл. Диссертациялык изилдөөбүздүн темасынын актуалдуулугун аныктаган жана далилдеген жагдайлардын бири — бул ШКУ уюму азыр да күчүндө экендигинде жана анын Кыргызстан үчүн маанисин таразалоо — Кыргызстандын бүгүнкү тышкы саясатын жана дипломатиялык багыттарын талдоого өзгөчө көмөк кыла турган прагматикалык милдетке жатаарында.

Диссертацияда каралып жаткан маселени изилдөө — кыргыз тарых илиминдеги эгемен Кыргызстандын көз карандысыздыгы, анын улуттук коопсуздугу жана көз карандысыз тышкы саясат жүргүзүүсүн камсыздоо көйгөйлөрүнө тиешелүү болгон ургаалдуу зарылчылык болуп саналат. Анын үстүнө, заманбап кыргыз тарых илиминде Кыргызстандын ШКУга катышуусунун тарыхый баскычтарын астейдил үйрөнүүгө байланыштуу докторлук диссертация деңгээлинде илимий изилдөөлөр жокко эсе. Ошондуктан, изилдөөгө алынып жаткан комплекстүү көйгөйлөргө илимий талдоо жүргүзүү, адекваттуу жана практикалык маанидеги тыянактарды чыгаруу — учурдун талабы деп айтууга толук негиз бар.

Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, праграммалар менен болгон байланышы. Диссертациянын темасы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын илимий темалар

тизмесине киргизилген жана бул тастыкталган тема жаатында илимий изилдөө иштери көп жылдардан бери ырааттуу жүргүзүлүп келди.

**Максаты жана милдеттери:** 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкка жетишкен Кыргыз Республикасынын кийинчерээк калыптанган Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы карым-катнаштарынын өнүгүүсүнүн мүнөзүн ачып берүү менен бирге, ШКУ уюмунун тарыхый өнүгүү баскычтарын жана өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү жана анализдөө — диссертациялык иштин негизги максаты болуп эсептелет.

Бул максатты иш жүзүнө ашырууда төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана ШКУнун ишмердигине арналган илимий эмгектердин мазмунуна сереп салуунун негизинде каралып жаткан маселелердин өнүттөрү канчалык деңгээлде изилденгенин талдоо, кайчы ой пикирлерди, каралбай калган суроолорду аныктоо;
- Кыргызстан менен ШКУнун карым-катнашы жана ишмердиги жөнүндө маалыматтарды камтыган тарыхый булактарды талдоо жана иликтөө жана аларды илимий айлампага натыйжалуу киргизүү үчүн колдонулчу илимий методдорду аныктоо;
- Эгемен Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусунун жана көз карандысыз көп нуктуу дипломатиялык саясатты жүргүзүүсүнүн теориялык маселелерин анализдөө;
- Кытайдын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата дипломатиялык стратегиясын жана алар мүчө болгон ШКУнун негизделишинин тарыхый факторлорун талдоо, өзгөчөлүгүн айкындоо жана изилдөө;
- Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусунун тарыхый баскычтарын даректерге таянуу менен ачып көрсөтүү;
- коопсуздук маселелерин чечүүдөгү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердигинин маани-маңызын ачуу жана өзгөчөлүктөрүн айкындоо;
- Кыргызстан менен ШКУнун экономикалык интеграциясынын мүчө-өлкөлөрдүн чарбачылыгынын натыйжалуу өнүгүүсүнө кошкон салымдарын жана болжолдуу кесепеттерин салыштырма ыкма менен талдоо;
- Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык түрлөрүнө катышуусунун мүнөзүн изилдеп-талдоо;
- Кытайдын ШКУнун алкагындагы "гармониялуу дүйнө теориясы" жана "бир алкак, бир жол" долбоору аркылуу Кыргызстан менен болгон саясатынын эволюциясынын негизги багыттарын тактоо;
- Орусиянын Кыргызстандагы ШКУ жана ЖККУ уюмдарынын алкагында ишке ашырылып жаткан саясатына сереп салуу;
- АКШ, Батыш Европа аймагынын өлкөлөрүнүн ж.б. мамлекеттердин Борбордук

Азия менен Кыргызстанга карата жүргүзгөн дипломатиялык ж.б. саясаты менен ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн тажрыйбаларын салыштырып сереп салуу;

• Илимий көйгөйлөрдү изилдөөнүн негизинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ээлеген орду менен байланыштуу тиешелүү прагматикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн объектиси — Евразиядагы ири эл аралык уюм катары ШКУ жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы ишмердигинин тарыхый динамикасына сереп салуу.

Изилдөөнүн предмети — ШКУнун уюм катары өзгөчөлүктөрүн жана тарыхый өнүгүү баскычтарын изилдөө жана бул уюмдун алкагындагы Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын анын Кытай жана Орусия сыяктуу ШКУнун негизги мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштарынын мисалында иликтөө. (Бул өңүт авторефератта 2-баптын алгачкы параграфнынын сыпаттамасында толугураак чагылдырылууда).

**Диссертациянын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр менен шартталат:**

• Эгемен Кыргыз Республикасынын эли көп этностуу Кытай жана түндүктөгү Орусия Федерациясы сыяктуу ири өлкөлөр менен узак мезгилдерден бери тарыхый коңшулаш жана мамилелеш болуп келет. Ал эми XX к. акыры — XXI к. башында ШКУ алкагындагы кызматташтык аркылуу Кыргызстан бул ири өлкөлөр жана башка ШКУга мүчө өлкөлөр менен эл аралык карым-катнаштын жаңы барагын ачууда. ШКУнун кадыр-барктуу эл аралык уюм катары негизделишин жана тарыхый баскычтарын изилдөөдөн тышкары, Кыргызстандын дал ушул ШКУга мүчө өлкөлөр менен бул уюмдун алкагындагы коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда терең алакаларды жүзөгө ашыруусу Кыргызстанда алгачкы ирет докторлук диссертация деңгээлинде изилденди.

• Кыргызстандын тарыхында ШКУнун түзүлүшү жана биздин мамлекетибиздин бул уюмдун алкагында ээлеген орду жана ар тараптуу кызматташтыкты өөрчүтүүгө кошкон салымы сандык өлчөмдө гана эмес, ошондой эле сапаттык жаңы маанидеги категориялар, концепциялардын негизинде көрсөтүлдү.

• ШКУнун тарыхый өнүгүүсүндө Кыргызстандын мүчө катары катышуусу тарыхый маалыматтын негизинде биринчи жолу үч баскычка бөлүнүп (1991—1997, 1997—2001, 2001- бүгүнкү күнгө чейин) иликтенип, атамекен тарыхнаамасында объективдүүлүк менен талданды.

• ШКУнун расмий документтери, ШКУнун архивдик сайттары, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу архив материалдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, миграция кызматынын

материалдары, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары ж.б. даректүү маалыматтар диссертацияда кеңири пайдаланылып, кыргыз тарыхнаамасында колдонулуп келген булактык базаны андан ары кеңейтти.

- ШКУ алкагында калыптанып жаткан Кытайдын, Орусиянын "төртилик байланыш", "стратегиялык тең салмактуулук", "тынчтык жана өнүгүү" теорияларынан баштап "гармониялык дүйнө", "кытай ой чабыты" жана "бир алкак, бир жол" ж.б. концепциялары диссертацияда калыс талдоого алынды.
- Илимий эмгектин бөлүмдөрүндө камтылган бүтүмдөр жана жоболор, ошондой эле жалпылама жыйынтыктар чет элдик, борбордук азиялык жана жергиликтүү окумуштуулардын соңку илимий табылгаларына таянуу менен жасалып, айрымдары кыргыз тилиндеги илимий айлампага биринчи жолу киргизилди.

Иштин практикалык мааниси. Илимий иштин ар бир бабындагы негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Орусия менен болгон байланышына анализ берүүдө, мындан аркы илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонулушу абзел. Ошону менен катар диссертациялык иштин мазмуну Кыргызстандын окуу жайларында чөлкөм таануу, Атамекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУ тарыхы, заманбап дипломатия тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдеген аспиранттар, магистранттар жана студенттер үчүн атайын дарстарды, анын ичинде интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөө жүргүзгөн илимий чөйрөдө пайдаланылышы мүмкүн.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.** Диссертациялык илимий изилдөөнүн жыйынтыгын шарттаган төмөндөгүдөй жоболор жана корутундулар коргоого сунушталат:

1. ШКУнун тарыхый өнүгүү жүрүмү тарыхый булактык маалыматтардын негизинде жана чет өлкөлүк, Борбордук Азия жана жергиликтүү окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен иликтенип, Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу тарыхы атамкендик тарыхнаамабызда биринчи жолу үч ири баскычка жиктелип каралды;

2. Эгерде 1991-жылга чейинки мезгилде "кансыз согуштан" тышкары СССР менен Кытайдын мамилелериндеги пикир келишпестиктер Евразиядагы тыгыз кызматташтыкка жолтоо болуп келген болсо, жаңы кырдаалда пост-советтик мамлекеттер менен экономикалык реформа жүргүзүп жаткан Кытайдын ортосунда таптакыр жаңы мамилелерди калыптандыруу, асыресе, чек ара жана коопсуздук, эл аралык террорчулукка каршы биргелешип күрөшүү көйгөйлөрүн чечүү "Шанхай форумунун" жана ШКУнун түзүлүшүнүн негизинде натыйжалуу жүзөгө ашырыла баштагандыгы айгинеленди;

3. ШКУнун негизделиши Кытайдын тарыхында Евразиядагы анын түндүк жана

батыш коңшулары менен чек ара жаатындагы коопсуздук маселелерин чечүүдөгү чечкиндүү кадам катары бааланып, ал эми Кытайдын XX к. аягындагы — XXI к. башындагы постсоветтик Борбордук Азияга карата стратегиясындагы эң маанилүү алты фактор аныкталды;

4. ШКУ өлкөлөрүнүн алкагындагы коопсуздук маселелеринде, чөлкөмдөгү туруктуулукту камсыздоодо жана колдоодо, “үч жамандыкка” (террорчулук, экстремизм, жикчилдик) каршы күрөшүү жаатындагы интеграцияга Кыргызстан жигердүү катышуу менен эл аралык коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүдө өз салымын кошкондугу айгинеленди;

5. Учурда ШКУнун алкагында “Бир алкак, бир жол” ж.б. долбоорлорун ишке ашырууда Кыргызстандын ички өнүгүүсүндөгү ийгиликтери менен бирге айрым бир көйгөйлөр да аныкталды. Унаа байланышынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында республикада стратегиялык маанилүү жолдорду оңдоп-түзөөдө (Бишкек – Торугарт, Бишкек – Ош ж.б.). жана республиканын ар бир аймагында пайдалуу жаратылыш ресурстарын (алтын, күмүш, уран ж.б.) иштетүүдө Кытайдын таасири өскөнү оригиналдуу статистикалык ж.б. маалыматтар аркылуу тастыкталды;

6. Кытайдын Кыргызстандагы таасири ШКУ алкагындагы “шанхай деми” деп образдуу аталган маданий-гуманитардык чөйрө аркылуу да кеңейгени айгинеленди. ШКУнун алкагында илим-билим системасында, ШКУнун бирдиктүү маалыматтык мейкиндигин түзүүдө, ШКУ университеттеринин ынтымагын чыңдоо долбоорунда, Конфуций институттарын ачууда кытай тилин жана маданиятын окутуу күч алганы иликтенди.

7. ШКУнун алкагында “ынак коңшулук жана кызматташтык” келишимине таянуу менен Кытай өзүнүн Батыш аймагын, т.а. Шинжаң Уйгур автоном районунун эл аралык алакаларын өнүктүрүү максатын ишке ашырып жаткандыгы, бул чөлкөм менен чектеш Борбордук Азия өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргызстандын табыгый ресурстарын жана чийки заттарын биргелешип пайдаланууга мүмкүндүк алып жаткандыгы далилдүү маалыматтар менен тастыкталды;

8. Орусиянын Кыргызстанга карата тышкы саясатынын негизи «Евразиялык багыт» аркылуу үч баскычта ишке ашып жаткандыгы ачыкталды. Учурда Орусия менен Кыргызстандын кызматташтыгы ЖККУ, ЕАЭБ жана ШКУнун алкагында өнүгүп, андан тышкары бул мамлекеттер шериктеш катары эки тараптуу кызматташтыкты да чыңдап жаткандыгы далилдүү чагылдырылды;

9. Борбордук Азия өлкөсү болгон Кыргызстан ири дөлөттөрдүн (державалардын): түндүктөн — Орусия Федерациясынын, чыгыштан — Кытайдын, ошондой эле түштүктөн — Түштүк Азия өлкөлөрүнүн, ал эми түштүк-батышынан — ислам дүйнөсүнүн, батышынан жана түндүк-батышынан — Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу пост-

советтик өлкөлөрдүн, ошону менен катар эле дүйнөдөгү башка күчтөрдүн (Батыш Европа, АКШ ж.б.) кызыкчылыктары айкалышкан жана атаандаштыгы арткан маанилүү аймак экендиги тарыхнаамалык маалыматтар аркылуу белгиленди;

10. Кытай, Орусия, АКШ жана Жапония өңдүү өлкөлөрдүн Борбордук Азияда жана анын ичинде Кыргызстанда жүргүзгөн тышкы саясаты XIX к. ичиндеги жана XX к. башындагы ири дөөлөттөрдүн "Чоң оюнун" эске салат, бирок азыркы атаандашуу учурда негизделген жана иш алып барып жаткан эл аралык жана аймактык бирикмелер аркылуу тынч жол менен жүзөгө ашырылып жаткандыгы, атаандаш жана өнөктөш тараптар заманбап медианы да өзүнө камтыган "жумшак күч" стратегиясын либералдык багытты туткан Кыргызстанда да жүргүзүп жаткандыгы айгинеленди;

11. Кыргызстан ШКУ сыяктуу эл аралык бирикмелердин пассивдүү катышуучусу болуп чектелбестен, башкалар менен теңата саясат жүргүзгөн жигердүү "оюнчу" болушу зарыл экендиги тууралуу жобо сунушталды.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагы. Диссертациялык изилдөө 1996—2019-жылдардын аралыгын камтыйт, бирок айрым өңүттөрдүн башатын ачыктоо үчүн ага чейинки доордогу окуяларга да экскурс жасалат.

**Изилдөөнүн изилдениш денгээли:** Диссертациялык иштин биринчи бабында төрт параграфтан турган тарыхнаамада каралды. ШКУ жаралуу жана өнүгүү тарыхын изилдөө бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясатта абдан кызуу талкууга алынып, ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жана уюмдун ишмердигине сырттан сереп салган АКШ, Евро Бримдикке кирген өлкөлөрдө, Японияда ж.б. ШКУну иликтөө үчүн атайын адистештирилген илимий мекемелер, институттар тынымсыз илимий иштерин жүргүзүп келет. Илимий иликтөөлөрдүн жүрүшү ШКУнун эл аралык уюм катары жашоосунда жетишилген ийгиликтери менен катар көйгөй жараткан маселелери арбын экендигинен кабар берет. Анткени, уюмдун мүчөлөрүнүн көбөйүшү (алтыдан сегизге өсүшү), территориялык алкагынын кеңейиши ого бетер уюмдун абройун жогорлулатып анын ишмердигине баа берүүдө ар тарптуу көз караштардын калыптанышына өбөлгө болууда десек жаңылышпайбыз.

Бул баптын "ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрүндө" деп аталган биринчи параграфында ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрүндө каралган. АКШнын Борбордук Азияны изилдөөсү эки чоң баскычта (этапта) жүргөндүгүн айтсак болот. Биринчи баскычта (1991-жылдын акырына чейин), Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрүнөн айырмаланып Америка Кошмо Штаттарында (АКШ) Борбор Азияны изилдөө орус таануу менен тыгыз байланышта болгон. XIX кылымдын аягынан XX кылымдын аягына чейинки мезгил. Экинчи баскыч 1991-жылдын соңунан башталат:

АКШда СССР кулагандан кийин Борбор Азия республикаларынын тарыхынын бардык алкагын: географиялык жайгашуусу, саясат, экономика, коопсуздук, тышкы саясат ж. б. маселелери боюнча алектенген илимий изилдөө институттар жана борборлор уюшулуп иштей баштаган. Көптөгөн АКШнын жана Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү үчүн XX к. аягына чейин орустардын курамында жашап келген Борбор Азияны изилдөөгө болгон кызыкчылыгы белгилүү бир мерчемде жогорулагандыгы айгенеленген.

Ал эми Батыш окумуштуулары Борбордук Азияны эгемендүү мезгилден баштап жакшы изилдей башташкан. Евро Биримдикке (ЕБ) кирген өлкөлөрдө ШКУнун өзгөчө Кытайдын Борбордук Азияга болгон таасирин абдан кооптуу экендигин жашырышпайт. Бул таризде алар ШКУнун айласнасында Борбордук Азияда жана Ооганстанда АКШнын жана ЕБ жүргүзгөн саясатына карама-каршы келе турган маселелерин ачыктаган.

Биринчи баптын “Чыгыш Азия, Түштүк Азия, Кичи Азия жана Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүндөгү ШКУну жана Борбордук Азияны изилдөө тарыхнаамасы” деп аталган экинчи параграфында бир катар Чыгыш Азия, Түштүк Азия, Кичи Азия жана Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүнүн ШКУнун жана Борбордук Азиянын тарыхы жаатындагы илимий изилдөөлөрү таразаланды.

Экинчи параграфтын алгачкы бөлүмүндө Кытай Эл Республикасынын ШКУнун тарыхы жаатындагы эмгектери талдоого алынды. Кытайлык окумуштууларынын эмгектери диссертацияда төрт топко бөлүп каралды:

1) КЭРдин эл аралык аренадагы орду, тышкы саясаттынын негизги концепциялары жана аларды чыңдоо максатында жазылган эмгектер. Бул багытта ондогон кытай окумуштуу, саясат таанучу тарыхчылары, эл аралык мамиле изилдөөчүлөр тарабынан бир топ көлөмдүү илимий монографиялар жана эмгектер жарык көргөн. Чжан Ювень, Ху Аньгандын эмгектеринде Кытайдын эл аралык мамиледеги абалы жана келечеги кеңири чагылдырылган.

2) КЭРдин коңшулаш мамлекеттердин тарыхый, саясий –экономикалык, маданий –гуманитардык ж.б. чөйрөдөгү өнүгүүсү Кытай эксперттик коомчулугунда изилденген. Борбордук Азиянын ичинде Кыргызстандын маселесин иликтөө иши КЭРдин тышкы иштер Министрлиги, Мамлекеттик Кеңеши ж.б. мамлекеттик түзүмдөрү башында турган Кытайдын Коомдук Илимдер Академиясынын курамына кирген ондогон институттар, борборлор үзгүлтүксүз илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен көптөгөн коллективдүү монографияларды, илимий макалалары каралды.

3) Кытайда СССР кулагандан кийин КМШны изилдөө менен алектенген илимий-академиялык, илимий-аналитикалык борборлор жана институттардын түйүндүрү түзүлүп, иликтөө иштерин жүргүзгүп келишет. Кытай окумуштууларынын бир нече көлөмдүү илимий эмгектеринде Борбордук Азиянын ички (экономикалык, саясий, диндик,

энергетикалык, суу ж.б.) абалын жана тышкы державалардын Орусия, Кытай, АКШнын саясаты тууралуу жазышкан. Кытай изилдөөчүлөрдүн эң башкы кызыкчылыгы – чоң дөөлөттөрдүн Борбордук Азияга карата геосаясий атаандаштыгын ачып берүү маселесине арналган. ШКУнун ишмердигине, коопсуздук маселесине сереп салган кытай окумуштууларынын, серепчилеринин ж.б. эмгектери “Проблемы Дальнего Востока” ж.б. орус тилиндеги илимий жыйнактарга чыгарылган. Айрыкча Борбордук Азия мамлекеттеринин тарыхый өнүгүүсү тууралуу Кытайдагы Фудан университетинин ШКУну иликтөө борборунун жана Орусияны жана Борбордук Азия изилдөө борборунун директору, белгилүү саясат таануучу Чжао Хуашэндин эмгектерин белгилей кетсек болот. Анын изилдөөлөрүндө ШКУга тиешелүү маселелерге арналган чек ара маселесинен баштап коопсуздук, экономика ж.б. жааттагы кызматташтыктарга жакшы анализ берген.

4) Кытайдын учурдагы КЭР концептуалык негизин камтыган илимий эмгектер. Аларда расмий Бээжиндин “Гармониялык тынчтык”, “Бир алкак, бир жол” ж.б. стратегиялык концепцияларынын иштелип чыгышы жана ишке ашырылышынын жүрүшүндө коңшу мамлекеттерге, анын ичинде Борбордук Азия өлкөлөрүнө болгон мамилеси тууралуу жазылган эмгектер да бар.

Кытайлык илимпоздордун көпчүлүгүнүн эмгектеринде Кытай Компартиясынын жетекчи ролун баса белгилөө сыяктуу көрүнүштөр байкалат. Мындай мамиле пост-советтик өлкөлөрдү жана башка тарыхнаамалык мектептерде байкалбайт.

Экинчи параграфтын экинчи бөлүмүндө Индия, Иран, Түркия жана Жапония окумуштууларынын ШКУнун жана заманбап Борбордук Азиянын дипломатиясынын тарыхын изилдеген кээ бир эмгектерине сереп салынды.

Индия, Иран жана Түркиянын изилдөөчүлөрү Борбордук Азияны изилдөөсү СССР кулагандан кийин башталган. Индия, Иран мамлекеттери ШКУда байкоочу макамын алуусу абдан жигердүү иликтөөлөргө жол ачкан. Ал эми Түркия ШКУга сүйлөшүү боюнча шериктеш.

Индиялык изилдөөчүлөр, биринчи кезекте, Борбордук Азиядагы проблемалардын ичинен ислам маселесине өзгөчө маани беришкен. Экинчи кезекте, ШКУнун ишмердигиндеги коопсуздук маселесин иликтөөгө алышкан.

Иран окумуштуулары чөлкөмдөгү АКШнын таасирдүүлүгүн оздуктоо жана Борбордук Азиянын Орусия, Кытай сыяктанган мамлекеттердин саясатынын таасирдүүлүгүнөн тышкары болуусуна көңүл бөлүшкөн. Япон окумуштуулары Борбордук Азия кооптуу чөлкөм экендигине анализ берүү менен Борбордук Азияга өз саясатын таңуулаган мамлекеттердин катарына кирбей тургандыгына токтолушкан. Ошону менен бирге алар бул чөлкөмдөгү таасирдүүлүк үчүн Орусия жана Кытай менен ШКУ алкагында кызматташууда тирешпей кандайдыр бир мааниде конструктивдүү жол табуу менен

биргелешип кызматташуу ж.б. пикирлерин жазышкан.

Түштүк Азия, Кичи Азия, Ортоңку Чыгыштагы изилдөөлөрдүн авторлору өз мамлекеттерининин кызыкчылыгы үчүн ШКУга мүчө өлкөлөр менен кызматташтыктын маанисин ачып берүүгө умтулушкан.

Биринчи баптын “Орусия Федерациясында ШКУ жана Борбордук Азиянын тарыхы тууралуу изилдөөлөр тарыхынан” деп аталган үчүнчү параграфында Орусия Федерациясынын окумуштууларынын ШКУ тарыхы тууралуу эмгектери талдоого алынды. Орусиялыктардын илимий эмгектери негизинен үч топко бөлүп каралды:

Биринчи топко – падышалык Орусия мезгилиндеги орус-кытай жана Совет доорундагы совет-кытай чек ара проблемалары, Кытайдын Борбордук Азиядагы кызыкчылыктары, таасири жана алган орду изилдөөгө алынган илимий эмгектер киргизилди. Алсак, Б.П.Гуревич, В.С.Кузнецов, Н.А.Халфин, Л.Н.Харюков, Г.А.Хидоятов, Ю.М.Галенович, А.Д.Воскресенский, В.А.Моисеев, В.А.Бармин, В.Л.Ларин ж.б. эмгектерине сереп салынды. Негизинен изилдөөлөрдө орус–кытай чек ара маселелеринде Борбордук Азиядагы айрым өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга тиешелүү болгон аймактар Орусия падышачылыгынын басып алган оторчул аймагы катары, ал эми 1917—1991-жылдар үчүн — СССРдин курамындагы аймак катары каралганы түшүнүктүү.

Экинчи топко – Кытай менен Орусиянын Борбордук Азиядагы саясаты жана чөлкөмдүн ички саясий–экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсү, коопсуздук маселелери изилденген илимий монографиялар жана макалалар кирет. Алсак, Д.Б.Малышева, Г.И.Чуфрин, И.Д.Звягельская, А.Г.Осипов, Ю.В.Чудодеев, А.А.Казанцев, С.Г.Лузянин, А.В.Лукин, Н.В.Серебрякова, Е.В.Савкович, Е.Ф.Троицкий, А.В.Лукин ж.б. өз изилдөөлөрүндө Орусия Федерациясынын ШКУ алкагындагы карым-катнаштарынын ар кыл өңүттөрүн изилдешкен. Маселен, Эл аралык мамилелерди изилдөө боюнча Москва мамлекеттик институтунун Борбордук Азия жана Ооганстан көйгөйлөрүн изилдөө борборунун директору, саясий илимдер доктору А.А.Казанцев Борбордук Азия чөлкөмүндө өз таасирин чыңдоо жаатында, бир жагынан, Батыш өлкөлөрүнүн, экинчи жагынан – Орусия менен Кытайдын тымызын атаандаштыгынын факторун белгилейт.

Академик М.Л.Титаренко болсо өз эмгектеринде Орусия менен Кытай азыркы тапта биргелешкен кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн өз ара кызматташтыктын жагымдуу шартын түзүп жаткандыгын, аларга тарыхый жактан чектеш аймактарга тиешелүү ар кандай пландарды турмушка ашырууда бири-бирин түшүнүү далаалаты тереңдегендигине өзгөчө баа берген.

Ошону менен катар алар Борбордук Азияда Батыш жана АКШнын ж.б. мамлекеттердин кызыкчылыгын жана таасирдүүлүгүн алдын алуу же чектөө үчүн өз

үстөмдүгүн калыбына келтирүүдө Кытайдын таасирдүүлүгү ШКУ аркылуу ишке ашып жаткан маселеде олуттуу экендигин белгилешет. ШКУну түзүү демилгеси Кытай тараптын кызыкчылыгына төп болгонун бир катар орус окумуштуулары баса белгилешкен.

Үчүнчү топко — ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын жана ага мүчө болгон Кыргызстандын өнүгүүсүн чагылдырган монографиялар жана макалалар кирди. Г.Д. Агафонов, Л.Е. Васильев, И.Н.Комиссина, А.А. Куртов, М. Арунова, Е.А. Бородин, ж.б. эмгектеринде ШКУнун ишмердигин өнүктүрүүдө Кытай жана Орусия ж.б. тараптар Борбордук Азияда жайгашкан кичинекей мамлекеттердин саясий-экономикалык, социалдык ж.б. өнүгүүсүн, айрыкча коопсуздук маселесин камсыздоого аргасыз жана кызыктар экендиги чагылдырылган. Орус окумуштуулары ШКУнун өнүгүүсү “төрт ара байланыш” концепциясынын алкагында өнүгүп жаткандыгына токтолушкан.

Биринчи баптын “Заманбап Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхнаамасында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр” деп аталган төртүнчү параграфында Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү жана Кыргызстандагы ШКУнун тарыхый өнүттөрүн изилдеген илимпоздордун эмгектерине серептеп салынды.

ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөө жаатында Борбордук Азия республикаларынын ичинен Казакстандын окумуштууларынын, саясат таануучу, эл аралык мамилени изилдеген серепчилеринин орус тилинде басылып чыккан эмгектери арбын. Алардын көпчүлүгү алгылыктуу жана жүйөөлүү пикирлери менен айырмаланат: М.Т.Лаумулин, К.Л.Сыроежкин, С.К.Кушкумбаев, У.Т.Касенов, ж.б. өз эмгектеринде БА республикалары (анын ичинде Казакстан) менен Кытайдын заманбап мамилелерин изилдешип, ШКУнун ишмердигин өзгөчө таразалашкан.

Маселен, тарых илимдеринин кандидаты, дипломат Мурат Турарович Лаумулин Кытайдын төртүнчү муундагы жетекчилеринин БА менен чектешкен Тибет жана Шинжаң (орусча “Синьцзян”, тарыхый Чыгыш Түркстан) аймактарындагы жүргүзгөн саясатына мүнөздөмө берип, Кытайдын соңку доордогу кескин экономикалык өсүүсү Бээжиндин геосаясаттагы ролунун жогорулашына өбөлгө түзүп жаткандыгын шарттайт деп белгилейт.

Өзбекстанда ШКУ алкагындагы ишмердүүлүктү, коопсуздук, саяскат, экономика ж.б. маселелерин изилдеген жоон топ окумуштуулардын мектеби калыптанган. Алар, белгилүү өзбек окумуштуулары жана иликтөөчүлөрү А.Х.Ходжаев, В.В.Парамонов, А.Строков, Ф.Толипов ж.б. эмгектери көңүлгө алаарлык.

Ал эми Тажикстан окумуштуулары Тажикстандын тышкы саясий өнүгүүсүн, Кытай жана Орусия менен болгон ар кандай жааттагы эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарын, коңшу жана чет мамлекеттер менен болгон кызматташуусун изилдөөгө

алган. Алар Р.Алимов, Дж.Латифов, Х.Холикназаров, ж.б. тажик окумуштууларынын монографиялары жарык көргөн.

Төртүнчү параграфтын экинчи бөлүмүндө ШКУнун тарыхына жана ага чейинки тарыхый башаттарга байланыштуу атамекендик тарыхнаамабыздагы эмгектер талдоого алынды.

Эгемендик доорундагы Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы саясий турмушунун тарыхындагы маанилүү окуяларды ар кыл өңүттө чагылдырган кыргыз окумуштууларынын, серепчилердин, саясат таануучулардын, илимий эмгектери арбын. Эгемендик мезгилиндеги Кыргыз Республикасынын тышкы саясий өнүгүүсүн изилдеген синолог, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Муратбек Сансызбаевич Иманалиев (ал 2010-жылдын 1-январынан — 2012-жылдын 31-декабрына чейинки аралыкта ШКУнун Башкы катчысы кызматын аркалаган кыргызстандык мамлекеттик ишмер, Кыргызстандын мурдагы тышкы иштер министри болгон), маселен, ШКУнун Кыргызстан менен кызматташтыгын тереңдетүүгө жекече салым кошкон тарыхчы болуп саналат.

Каана Айдаркул, А.Акунов, К.Токтомышев, А.Д.Жекшенкулов, А.М.Кылычев, А.Ормушев, А.Э.Джоробекова, Н.Момошева, Н.М.Омаров, ж.б. тарыхчы окумуштуулардын эмгектеринде Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүнүн маанилүү маселелери иликтенген. Алар эгемен мезгилдеги Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылуу тарыхына токтолушкан. Ошону менен катар эгемендүү мезгилдеги Кыргызстандын Кытай, Орусия, АКШ ж.б. мамлекеттер менен эки тараптуу байланыштарын изилдеген жергиликтүү окумуштуулардын эмгектери бар. Алар Г.А.Рудов, А.А. Верещаган, Алина Муса кызы, А.Бейшеналиев, Р.К.Сабиров ж.б. Көпчүлүк кыргыз окумуштуулардын эмгектеринде Кыргызстандын тышкы саясатын жана эл аралык мамилелерин жалпы изилдөөгө алып, Кыргызстандын ШКУ алкагындагы өнүгүүсүнө учкай же кыйыр түрдө изилдеп анализ беришкен.

Диссертацияда Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына караштуу "Мурас" фонду жүргүзүп жаткан данакерлик иш-аракетке байланыштуу илимий жыйындардын, журналдардын жана мезгилдүү басма сөздүн маалыматтары да айрыкча таразаланды.

Кытай менен тарых илими жаатында кызматташтыкты чыңдоонун жаңы өбөлгөлөрү болочокто Кыргызстанда ШКУнун тарыхын эки тараптуу жана көп тарамдуу иликтөөлөрдү уюштурууда кытайлык илимий мекемелер менен кызматташтыкты да пайдаланууга өбөлгө түзөт.

**ШКУнун Кыргызстан менен мамилелеринин тарыхын изилдөөдөгү негизги булактар.** Илимий иштин тарыхый булактык негизи беш топтогу булактардан турду. Биринчи топтогу булактар укуктук - нормативдик жана ар кандай деңгээлдеги расмий

документтер. ШКУ ишмердигинде ар жылда кабыл алынган мыйзамдар, мамлекеттер аралык декларациялар, хартиялар, өкмөттөр аралык келишимдер, конивенциялар ж.б. Экинчи топтогу булактар ШКУга мүчө мамлекеттердин расмий адамдардын кайрылуулары, сүйлөгөн сөздөрү, билдирүүлөрү, интервью ж.б. Үчүнчү топтогу булактар архивдик документтер, статистикалык маалыматтар, кээ бир министрликтин документтери, Кыргыз Республикасынын инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо агенттиктин аналитикалык маалыматтары, КРдин Мамлекеттик миграция кызматынын (ММК) билдирүүсү, КРдин Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК) маалыматттары колдонулду. Төртүнчү топтогу булактарга мезгилдүү басма сөз каражат материалдары каралды. Бешинчи топтогу булактарга интернет баракчаларында жарыяланган материалдар кирди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык илимий иш Кыргызстан менен ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алган алгачкы комплекстүү илимий диссертация катары аткарылды. Илимий изилдөөдө ШКУга тиешеси бар расмий концепциялар, долбоорлор, архивдик, статистикалык жана аналиткалык булактар, материалдары которулуп, кыргыз тарых илиминдеги илимий айлампага киргизилди.

**Иштин апробацияланышы**. Илимий изилдөөнүн мазмунун боюнча эл аралык (Орусия, Кытай, Казакстан жана Тажикстан) чөлкөмдүк жана республикалык илимий – практикалык конференцияларда, форумдарда, тегерек столдордо ж.б. илимий жыйындардын материалдарында жарыяланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышы.** Илимий иштин негиздери жана жыйынтыктары Кыргызстанда ЖАК сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жарыяланган. Алардын сегизи РИНЦ системасында, бир макала Web of Science, жалпы 34 илимий макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, беш баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

**Угулду:**

**Жыйындын төрагасы:** т.и.д., профессор Чороев Т.К.

Баяндама үчүн рахмат. Изденүүчүгө сын- пикирлериңиздерди берсеңиздер.

Т.и.д., профессор Жакыпбеков Ж. Ж. – Жамыйкат Омурованын диссертациялык ишин биринчи бетинен аягына чейин карап окуп чыктым. Иштин көлөмүнөн эле көрүнүп турат абдан көп материал чогултуп эмгектенгенсиңер. Тарыхнаамада монография жана макалалар абдан көп, мындай материалды кайдан алдыңыз. Тарыхнаама боюнча эмгектер жетиштүү, бирок кыргыз окумуштууларынын эмгектери саналуу гана деген ойду

жазыптырсынар. Мен булактык базаңардагы матералдын көптүгү абдан таң калтырды. Анткени бул уюм боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам базасы абдан көп, алардын баарын талдап көрүп, маанилүүсүн калтырганыңар оң. Иштин 3-бабын биринчи параграфында (128-129 б.) суверендүү мамлекеттерди типтерге бөлүү каралган, өзүнөрдүн оюңарды билдирүү керек. “Жумшак күч” саясатына (132 б.) өз оюңарды жазгыла (Д. Найдын теориясы боюнча). Диссертациянын 4 бабпта ШКУ менен ЖККУ боюнча туура анализ берилген. Кыргызстан жана ШКУ экономикалык интеграциясынын өңүттөрү жана кедерги тийгизген жагдайлары параграфтын (4.2.) жыйынтыгында кээ бир Кытай компанияларынын маселесине байланышкан жыйынтыктарга нейтралдуу ой пикириңерди жазсанар болмок.

Иште чет тилдеги эмгектер кыргыз тилине которулуп, ар бир параграф боюнча жакшы тыянак чыгарылган. Колдонулган адабияттардын структурасы да жакшы. Эмгек илимий негизде жазылган, ишти жактоого толук сунуштайм.

**Чыгып сүйлөштү:**

Омурова Ж.О. Суроонузга чон рахмат! Тарыхнаама боюнча материалдар 2015-2016-2017 -жылдарда кафедранын илимий изилдөө ишинин алкагында түзүлгөн эл аралык (ШКУУ) келишимдердин негизинде Орусиянын Дипломатиялык Академиясынын китепканасында, Ыраакы чыгыш инсиситунда жана АлтГУнун, УрФУнун ж.б. университеттердин китепка сайттары жана өзүм барып алып келген материалдарга таянылып жазылды. Кыргыз окумуштуулары Кыргызстандын тышкы саясаты боюнча көп эмгек жазышкан, бирок биздин ишибизге таандык болгон эмгектер жокко эсе дегенибиз. Булак таануу боюнча сиздин айткан оюнузга кошулам, кээ бир ашыкча булактарды алып салсак болот. Иштин 3-бабын боюнча берген пикиринизди карап толуктайм. 4 бабптын 2-параграфындагы жыйынтыктарды карап чыгып нейтралдуу ой пикир жазганга аракет кылам.

Т.и.д., профессор Баатырбаева Ш.Ж. - Диссертацияны толугу менен карап чыктым. Жамыйкат Орозбековна бул темада көп жылдан бери изилдөө жүргүзүп келет. Диссертациялык иштин КРдин ЖАКтын койгон талабына ылайык жазылган. Киришүүнүн актуалдуулугун жана коргоого алып чыга турган сунуштарды кайрадан карап чыгып жакшылап жазышыңар керек. Иштин тарыхнаамасын ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жана кирбеген өлкөлөрдүн изилдөөлөрүн кароого жана илимий тыянактарды чыгарууга аракет кылгандыгынар байкалып турат. 2-бап боюнча берген жадыбалды тиркемеге чыгарып ШКУга кирген мамлекеттер боюнча кененирээк маалымат берсеңиз жакшы болмок. Иштин методологиясында (2.3.128-129 б.) метод түшүнүгү көбүрөөк жазылган алып салгыла. Мындан тышкары иштин ар бир параграфында тиешелүү тыянак чыгаруу аракетиңер жакшы.

Диссертациялык иш эки адистик боюнча (07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых) жазылган, айрыкча Жалпы тарых адистигин алууга талаптанып жаткандыгы Кыргыз тарых илими үчүн жакшы жаңылык. Негизинен ишти жазууда абдан көп эмгек кылганыңыздар көрүнүп турат, ошондуктан мен сунушталган пикирлерди оңдоо менен диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайм.

Омурова Ж.О. Суроонузга чон рахмат! Киришүүнүн актуалдуулугун жана коргоого алып чыга турган сунуштарды кайрадан карап чыгып иштин маанисине карата жазганга аракет кылам. 2-бап боюнча берген жадыбалды дагы толуктайм, 2-баптын 2 параграфы боюнча сиз берген пикирди эске алам.

Т.и.к., доцент Сырдыбаев Т.Т. - Омурова Жамыйкат Орозбековна бул теманын изилдөөдө, көп илимий материалдары топтогонуңуз көрүнүп турат. Ишти кайсыл жылдан бери изилдеп келе жатасыз. Теманын негизи илимий иштер менен болгон байланышы барбы. Негизинен менин диссертантка бир катар каалоолорум бар. Иштин актуалдуулугунун олуттуулугун дагы кошумчалоо керек. Киришуунун диссертацияларга ылайык структурасы боюнча кайрадан карап чыгуу талапка ылайык. Диссертациянын жактоого алып чыгуучу жоболоруңуз абдан көп экен, кыскартсаныз болобу, карап коросуз да. Жалпы жолунан алганда, диссертация илимий жатык тилде жазылып, бышып жетилген. Диссертанка ийгилик каалоо менен бирге ачык коргоого сунуштайм.

Омурова Ж.О.: Суроонузга чон рахмат! Илимий ишти 2010-жылдан бери изилдеп келе жатам. Диссертацияга ылайык иштин кириш бөлүмдөгү теманын актуалдуулугуна жана структурасына оңдоп- түздөөгө макулмун. Диссертациялык иш чөлкөм тануу жана кыргыз таануу кафедрасынын илимий темасына киргизилген.

Т.и.к., доцент Каулбекова Р.А. - Мен дагы Жамыйкат Орозбековнанын диссертациясын толугу менен карап окуп чыктым. Иш илимий иште коюлучу талаптарга жалпы жонунан жооп берет. Иш көп жылдан бери иликтенип келе жаткан эмгек. Диссертациялык иштин алкагында эженин көп маклалары чет өлкөнүн басмаларында жарык көргөн. Негизинен иштин 2–бабында объект жана предметти кароодо берилген материалдар көп, аларды иргеп кыскартуу керек. Ушул эле баптын 3-параграфта иште колдонгон методдорду жазууда кайсыл метод иштин баптарын анализдөөдө колдонулганын кыскача жазып кетсеңиз. Мен дагы Жамыйкат Орозбековнанын ишин диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайм.

Омурова Ж.О. Суроонузга чон рахмат! 2-баптын объект жана предметти боюнча кээ бир материалдарды кыскартууга макулмун. Ал эми 2-баптын 3-параграфта методдор боюнча колдон келишинче кыскача жазганга аракет кылам.

Ага окутуучу Орозов А.- Жамыйкат Орозбековнанын диссертациялык иши менен таанышып чыктым. Иште абдан көп илимий адабияттарды изилдөөгө аракет жасалган.

Булактык негизи беш топко бөлүп чагылдырылган. Иштин ар бири бабында тыянак чыгарууда кээ бир жалпылаштырылган ой пикирлер камтылган, аларды так билдирүү маанилүү деп ойлойм. Мындан тышкары иште граматикалык жана стилдик мүчүлүштүктөр орун алган. Менин пикиримде Ж.О. Омурованын эмгеги бышылып жетилген, коргоого сунуштайм.

Омурова Ж.О. Суроонузга чон рахмат! Ар бир бап боюнча тыянактарды жалпылаштырбай так берүүгө аракет кылам. Иште стилистикалык жана грамматикалык мучулуштуктөр орун алганы талашсыз. Анткени, көпчүлүк адабияттар орус, англис тилинде жана эл аралык терминдер менен колдонулат. Ошого байланыштуу, айрым терминдерди колдонууда стилистик каталарга жол берилиши ыктымал. Бул маселе боюнча оңдоп, түздөөлөр жүргүзүлөт.

**Угулду:** Жыйындын төрагасы т.и.д., профессор Чороев Т.К.: Жогорудагы айтылган пикирлерге мен да кошулуу менен айтылган кемчиликтерди изденүүчү эске алуусу керек деп эсептеймин. Изилдөөгө алынып жаткан тема абдан актуалдуу, анткени, Кыргызстандын тарыхында ШКУнун ордун жана ролун изилдөө олутуу маселелерден. Бул ишитин практикалык мааниси да бар. Омурова Жамыйкат Орозбековна бул ишти кафедранын илимий изилдөө темасынын алкагында жана өз алдынча иликтеп келе жатат. Ишти жазууда абдан көп адабияттар, булактык база колдонулгандыгы көрүнүп турат. Ошондой болсо дагы иштин 4-5-баптарында берилген материалдарды, айрыкча ШКУ алкагындагы Кытайдын экономикалык долбоорлорун анализдөөдө чет элдик жана жергиликтүү окумуштуулардын эмгектерине таянуу зарыл. Иште кээ бир орусча терминдерди которуу керек. Кытайдын, Орусиянын, АКШ жана Европа ж.б. саясатын анализдөөдө нейтралдуу тыянак чыгаруу керек, анткени биз алар менен эгемендүү мамлекет катары кызматташып жатабыз. Жогоруда белгиленгендей диссертациялык иш эки адистик алкагында (07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых) жазылган, айрыкча Ж.О. Омурованын Жалпы тарых адистигин алууга талаптанып жаткандыгы жакшы саамалык. Эми Жамыйкат Орозбековнага ишине ийгилик каалап койолу.

Урматтуу кесиптештер бугунку талкуудагы сын пикирлерди эске алуу менен Ж.О. Омурованын диссертациялык ишин ачак коргоого сунуш кыламын.

**Чыгып сүйлөдү:** Омурова Ж.О.: Урматтуу кесиптештер, суроонуздарга рахмат! Тынчтыкбек Кадырмамбетович 4-5-бап боюнча айткан пикирлерине толук кошулам, кээ бир терминдер эл аралык мамиледе кабыл алынып калгандыктан калтырылган, аларды кыргыз тилине которууга аракет кылам. Кытайдын, Орусиянын, АКШ жана Европа ж.б. саясатын анализдөөдө колдон келишинче объективдүү анализ чыгарганга аракеттенем. Айтылган ой пикириңиздерди эске аламын.

**Диссертациялык ишти талкуулоодон кийин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын жыйынында төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды:**

1. Омурова Жамыйкат Орозбековнанын 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук наамын алуу үчүн "Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү" аттуу темада жазылган диссертациялык иши боюнча жыйынтык бекитилсин.

2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасы Ж.О. Омурованын 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы жана 07.00.03 – Жалпы тарых адистиги боюнча жазылган "Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"деген темадагы диссертациялык иши Жогорку аттестациялык комиссиянын бардык талаптарга жооп берет. Жогоруда айтылган пикирлерди эске алуу менен тарых илимдеринин докторлук окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Ж.О. Омурованын диссертациялык ишинин кол жазмасы ачык коргоого сунушталсын.

Жыйындын төрагасы,
Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу
кафедрасынын профессору, т.и.д. Т.К. Чороев
(Чоротегин)

Катчы К.Т. Абдыкалиева

Кол тамгасын тастыктайм:
Укуктук камсыздоо, адам ресурстарынын
жана иш кагаздарынын жүргүзүү
бөлүмүнүн башчысы А.А. Жайнакова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ